**Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим берүү орто мектеби**

# Тема: Сүрөттөө, анын мүнөздүү белгилери

# Кыргыз тили

**6-класс**

**Мугалим: Сыдык к ызы Жазира**

**2021-2022-окуу жылы**

| «__» ___ 2021-жыл Колу: | «__» ___ 202 -жыл Колу: | «__» ____ 202 -жыл Колу: | «__» ___ 202 -жыл Колу: | «__» ___ 202 -жыл Колу: |
|---|---|---|---|---|

**Предмет: Кыргыз тили 6-класс 1-чейрек**

**Сабактын темасы: Сүрөттөө, анын мүнөздүү белгилери**

**Сабактын тиби: Өтүлгөн темаларды жалпылаштыруу**

**Колдонулган методдор: Традициялык эмес**

**Сабактын жабдылышы: ТСО, түстүү сүрөттөр**

**Предметтер аралык байланыш: адабият, сүрөт, музыка, математика**

| № | Сабактын максаты: | Сабактын көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|
| 1 | **Билим берүүчүлүк:** **Окуучулар өтүлгөн теманы кайталоо менен бирге, сүрөттөө жана ага мүнөздүү болгон белгилерин эске салышат** | **Окуучулар өтүлгөн теманы кайталоо менен бирге, сүрөттөө жана ага мүнөздүү болгон белгилерин эске сала алышса** |
| 2 | **Өнүктүрүүчүлүк:** **Окуучулар сүрөттөр менен иштеп, алардын ар бирин сүрөттөп, ар бирине тиешелүү болгон белгилерин айта алышат** | **Окуучулар сүрөттөр менен иштеп, алардын ар бирин сүрөттөп, ар бирине тиешелүү болгон белгилерин айта алышса** |
| 3 | **Тарбия берүүчүлүк:** **Окуучулар бири-бирин сыйлоого, адептүү болууга тарбияланышат** | Окуучулар бири-бирин сыйлоого, адептүү болууга тарбияланышса |

**Сабактын жүрүшү:**

| № | Сабактын этабы (убактысы) | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Компетенттүүлүгү | | Баалоо (эскертүү) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Негизги комп-к | Предметтик комп-к | |
| 1 | **Уюштуруу** **Саламдашуу** | Окуучулар менен саламдашуу<br>Окуучуларды опторго бөлүп алуу<br>Алтын эреже | Окуучулар саламдашат<br>4 топко бөлүнүп отурушат<br>Алтын эрежени айтышат | 3 | | |
| | **1.2 Шыктандыруу (2 мин)** | Карагылачы балдар, бүгүн бардыгыңар татынакай, көзгө абдан жагымдуу көрүнүп турасыңар. Көңүлүңөрдүн да ачык экени | Көңүлдөрү ачык отурушат | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | байкалып турат. Анда эмесе ушундай жакшы маанай менен бүгүнкү сабагыбызды баштайлы. | | | | |
| **2** | **Үй тапшырмасын текшерүү (10мин)** | 64-көнүгүү | Текстте эмнелер сүрөттөлгөнүн айтып беришет. | 1 | 1,4 | |
| **3** | **Жаңы теманы түшүндүрүү (15 мин)** | Жандуу жана жансыз заттардын, кубулуштардын, жаратылыштын ж.б. өзүнө тиешелүү, туруктуу белгилерин ачып көрсөтүү сүрөттөө деп аталат. Сүрөттөө иштиктүү, илимий жана көркөм болуп үчкө бөлүнөт.<br>Иштиктүү сүрөттөөдө буюмдардын негизги белгилери саналып көрсөтүлөт.<br>Илимий сүрөттөөдө ойдун тактыгы, тууралыгы, логикалык жактан ырааттуулугу көбүрөөк орун алат да, илимий далилдер тандалып алынат.<br>Көркөм сүрөттөөдө көркөмдүүлүк жана образдуулук басымдуулук кылат. Сүрөттөө оозеки жана жазуу түрүндө болот да, экөөнө тең бирдей талаптар коюлат. | Окуучулар дептерине жазышат | 1 | 1,5 | Алкоо |
| **4** | **Практикалык иш (10 мин)** | 66- көнүгүү<br><br>Төрт топко түстүү сүрөттөр таркатылат. Ар бир окуучу өз оюн ак баракка жазып бериши керек. | Топ ичинде кеңешип аткарышат | 3 | 4, 5 | Форм баалоо |
| **5** | **Бышыктоо (3 мин)** | Кептин түрлөрү кайсылар?<br>Сүрөттөө деген эмне?<br>Сүрөттөөнүн канча түрү бар?<br>Иштиктүү сүрөттөө деген эмне? | Топ ичинде жооп беришет | 3 | 3, 5 | Алкоо |
| **6** | **Жыйынтыктоо (2 мин)** | Сүрөттөөгө: турак-жайды, буюмдарды, жаратылышты, адамдардын сырткы келбетин, жашаган жерин сүрөттөө, кыялданып сүрөттөө кирет. | Кунт коюп угушат | 1 | 5 | |
| **7** | **Үйгө тапшырма (1 мин)** | «Менин сүйүктүү буюмум» деген темада буюмдун сүрөтүн тартып, аны сүрөттөп жазып келүү | Күндөлүккө белгилешет | | | |
| **8** | **Баалоо (1 мин)** | Топтор арасында жеңүүчүлөр аныкталат. Ар бир окуучу жекече бааланат | | | | Күндөлүккө баалар коюлат |

**Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим берүү орто мектеби**

# *Кыргыз тили*

## *Тема: Кептин түрлөрү. Жандуу жана жансыз заттарды сүрөттөө*

## *8-класс*

## *Мугалим: Орозалиева К.О.*

2021- 2022 – окуу жылы

**Предмет: Кыргыз тили 8-класс 1-чейрек**

**Сабактын темасы: Кептин түрлөрү. Жандуу жана жансыз заттарды сүрөттөө**

**Сабактын тиби: Аралаш**

**Колдонулган методдор: Традициялык**


**Сабактын жабдылышы: ТСО, түстүү сүрөттөр**

**Предметтер аралык байланыш: адабият, сүрөт, музыка, математика**

| № | Сабактын максаты: | Сабактын көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|
| 1 | **Билим берүүчүлүк:** **Окуучулар өтүлгөн теманы кайталоо менен бирге, сүрөттөө жана ага мүнөздүү болгон белгилерин эске салышат** | **Окуучулар өтүлгөн теманы кайталоо менен бирге, сүрөттөө жана ага мүнөздүү болгон белгилерин эске сала алышса** |
| 2 | **Өнүктүрүүчүлүк:** **Окуучулар сүрөттөр менен иштеп, алардын ар бирин сүрөттөп, ар бирине тиешелүү болгон белгилерин айта алышат** | **Окуучулар сүрөттөр менен иштеп, алардын ар бирин сүрөттөп, ар бирине тиешелүү болгон белгилерин айта алышса** |
| 3 | **Тарбия берүүчүлүк:** **Окуучулар бири-бирин сыйлоого, адептүү болууга тарбияланышат** | Окуучулар бири-бирин сыйлоого, адептүү болууга тарбияланышса |

**Сабактын жүрүшү:**

| № | Сабактын этабы (убактысы) | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Компетенттүүлүгү | | Баалоо (эскертүү) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Негизги комп-к | Предметтик комп-к | |
| 1 | **Уюштуруу** **1.1 Саламдашуу** | Окуучулар менен саламдашуу<br><br>Алтын эреже | Окуучулар саламдашат<br><br>Алтын эрежени айтышат | 3 | | |
| | **1.2 Шыктандыруу (2 мин)** | Жашоодо кандай сонун адамдар бар<br>Жамалы жаркып турган ак таң сымал<br>Чокудай бийик турган дүйнөсүндө<br>Деңиздин терендиги жаткан сымал<br>Өмүрдө өзгөчө бир адамдар бар<br>Заматта жазга айланткан көңүлүңдү<br>Жашоодон жан үзүлгөн күнгө чейин<br>Жакшылар коштосо экен өмүрүмдү<br>Дүйнөдө кандай сонун адамдар бар | Көңүлдөрү ачык отурушат | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Уу чачып көңүлүңдү соолутпаган<br>Дилинде жакшы сөздөр жаздай гүлдөп<br>Жүрөктү ташка жанчып оорутпаган<br>Жашооңорду мына ушундай жакшы адамдар коштоп жүрүшүн каалап, бүгүнкү сабакты баштайбыз. | | | | |
| 2 | **Үй тапшырмасын текшерүү (10мин)** | Тарткан сүрөттөргө текст түзүп келишкен | Текстте эмнелер сүрөттөлгөнүн айтып беришет. | 1 | 1,4 | |
| 3 | **Жаңы теманы түшүндүрүү (15 мин)** | ➢ Алгач окуучуларга суроолор жазылган карточкалар таратылат:<br>Кептин түрлөрү кайсылар?<br>Баяндоо деген эмне?<br>Сүрөттөө деген эмне?<br>Ой жүгүртүү деген эмне?<br>➢ Бүгүнкү өтө турган темабыз силерге тааныш . Бирок, ага дагы кошумча маалымат киргизебиз. Дептерибизди ачып эрежени жазып алабыз.<br><br>Сүрөттөө жана анын түрлөрү<br>▪ Иштиктүү<br>▪ Илимий<br>▪ Көркөм<br><br>Эгерде биз турак жайды, буюмдарды, жаратылышты, адамдардын сырткы келбетин, жашаган жерин сүрөттөп айтып берсек, анда ал кыялданып сүрөттөөгө кирет.<br><br>Үчөө дайыма бири-бири менен тыгыз байланышта болот. | Суроолорго жооп беришет<br><br>Дептерге жазышат | 1 | 1,3,4 | Алкоо |
| 4 | **Практикалык иш (10 мин)** | ❖ Доскага күчүк менен мышыктын сүрөтү тартылат. Ошого карата текст түзүү жана ага тема коюу. | Ар бир окуучу жекече аткарышат | 3 | 4, 5 | Форм баалоо |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | ❖ «Көз ирмемдеги сүрөттөө» | Окуучулар кыялданып сүрөт тартышат. Пластилин менен да иштешет. | | | |
| 5 | **Бышыктоо (3 мин)** | Кептин түрлөрү кайсылар? Сүрөттөө деген эмне? Сүрөттөөнүн канча түрү бар? Иштиктүү сүрөттөө деген эмне? | жооп беришет | 3 | 3, 4 | Алкоо |
| 6 | **Жыйынтыктоо (2 мин)** | Сүрөттөөгө: турак-жайды, буюмдарды, жаратылышты, адамдардын сырткы келбетин, жашаган жерин сүрөттөө, кыялданып сүрөттөө кирет. | Кунт коюп угушат | 1 | 5 | |
| 7 | **Үйгө тапшырма (1 мин)** | «Менин сүйүктүү буюмум» деген темада буюмдун сүрөтүн тартып, аны сүрөттөп жазып келүү | Күндөлүккө белгилешет | | | |
| 8 | **Баалоо (1 мин)** | Ар бир окуучу жекече бааланат | | | | Күндөлүккө баалар коюлат |

Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим беруу орто мектеби

# Ачык сабак

## Тема: «Чыңгыз Айтматовдун омуру жана чыгармачылык жолу»

## Мугалим : Кошалиева Н

Сабактын темасы: Чынгыз Айтматовдун омуру жана чыгармачылык жолу

Сабактын формасы: аралаш сабак

Сабактын максаты: .Окуучулар жазуучунун омур баяны жана чыгармачылыгы жонундо маалымат алышат.

Кыргыз адабиятындагы орду тууралуу талкуулашат.

Окуучулар калемгердин ишмердуулугунон ,анын бала кезиндеги журум-турумдарынан сабак алууга,жазуучудай копту билууго умтулушат

Сабактын корсоткучу: .Окуучулар жазуучунун омуру жана чыгармачылык жолу боюнча тушунук алышса.

Кыргыз адабиятындагы орду тууралуу талкуулай билсе.

Окуучулар калемгердин ишмердуулугунон ,анын бала кезиндеги журум-турумдарынан сабак алууга,жазуучудай копту билууго умтулушса

Сабактын жабдылышы: слайд,суроттор.

Сабактын журушу: 1.Уюштуруу

Жагымдуу маанай тузуу.

Уйго берилген тапшырманы суроо: 1.Т Сыдыкбековдун омуру жана чыгармачылык жолу боюнча слайд .

2.Сандар суйлойт оюну.

3 жашында атаы дуйнодон кайтат.

1912-ж торолгон.

1918-ж Кен-Суугa келет.

1916-ж Кытайга эл менен чогуу барат

1919-ж энеси Тунгатар молдого окууга берет.

Суроттор аркылуу улуу инсандардын аты-жонун табуу.

1.К Тыныстанов,К Жантошев.Ж Боконбаев,Мукай Элебаев,Аалы Токомбаев,Ишенаалы Арабаев,Кубанычбек Маликов,Мидин Алыбаев ,Бубусара Бейшеналиева ,Татыбубу Турсунбаева ,Саякбай Каралаев,Курманжан Датка,Т Сатылганов,Т Сыдыкбеков,Аман Саспаев.

Балдар сурот аркылуу биз улуу инсандардын аты жонун таптык.Азаматсынар.Кичинекей кыргыз элинин атак данкын алыска чыгарган акын жазуучуларыбыз коп .Озунун чыгармалары менен кыргыз элин алыска тааныткан инсандарыбыздын бири Ч Айтматов.Бугунку биздин сабакта отуло турган темабыз жазуучу Ч Айтматовго арналмакча.

Жаны тема: Ч Айтматовдун омуру жана чыгарачылык жолу.слайд корсотуу

Кыргызстандын залкар уулу дуйно аны тааныган белгилуу жазуучу коомдук жана мамлекеттик ишмер Ч Айтматов негизинен кыргыз жана орус тилинде жазган. Анын чыгармалары 150 тилге которулган. Ал озунун чыгармасында гуманизм жана буткул жазуучуларга болгон суйуу жонундо оз идеяларын камтыган.

Ч Айтматов 1928-жылы 12-декабрда Талас областына караштуу Кара-Буура районундагы Шекер айылында туулган. Атасы Торокул Айтматов Сталиндин учурунда репрецияга дуушар болгон. Энеси Нагима Хамзаевна.

Бышыктоо: Вендин диаграммасы

Жыйынтыктоо: Бугунку сабакта жазуучу Ч Айтматовдун омуру жана чыгармачылык жолу боюнча тушунук алдык.

Уйго тапшырма : омур баянын окуп келуу

Билимин баалоо

Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим берүү орто мектеби

Тарбиялык ачык сабак

# *Кыргыз тилим – мурасым*

**Кыргыз тили жана адабияты**

**сабагынын мугалими :** **Бейшенбай кызы К.**

2021-2022-окуу жылы

# *Кыргыз тилим-мурасым*

**Сабактын максаты:**

Кыргыз тилин негиздеген атактуу инсандарды таанып билүү жана элдик мурастарды туура пайдаланууну үйрөнүшөт.

Өз тилин унутта калтырбай, муундан-муунга өткөрүп берүүгө, улуттук каада салттарды пайдалануу менен бирге мекенчилдикке, жоопкерчиликке тарбияланышат.

Жабдылышы: проектор, ноутбук, жасалгаланган сахна.

Алып баруучулар:

1. Асанбекова Альбина
2. ДЖумашов Элзар

Кымбаттуу эже-агайлар, кадырлуу коноктор жана сүйүктүү окуучулар! Гуманитардык усулдук бирикмесинин "Кыргыз тили - мурасым" аттуу кыргыз тили жана адабияты декадасын жыйынтыктоо кечесине куш келипсиздер! ( Мугалим )

КР Гимни

1. Кыранда кызыл гүлдөй өскөн тилим,
   Кыяндап жамгыр болуп төккөн тилим.
   Улуттун өргүп чыккан башатына,
   Уюган алтын сымал чөккөн тилим.
2.
   Мөндүрдөй сабалаган акын тилим,
   Мөңгүдөй ай-асманга жакын тилим,
   Машакат мүшкүл тарткан заманда да,
   Майдалап бөлүнбөгөн чулу тилим.

1. Ооба, ар бир кыргыз жаранына эне тили эне сүтүндөй табылгыс, кол жеткис-ыйык. Аны ар бир кыргыз жараны көөдөнүнө кыт уюгандай уютуп, сактап, муундан муунга өткөрүп берүүсү парз.
2. Дал ошондой кыргызга кыргыз тили үчүн жан аябай күрөшүп, кыргыз десе, кыргыз тили десе бүгүн да жан берүүгө даяр турган

атактуу инсандарыбыз жок эмес. Алар азыр да биздин арабызда жүрүшкөндөй сезилет.

Слайд көрсөтүлөт.

Окуучулар: Эне тилим-ыйык туткан сыймыгым,
Бабалардан жете келген сыйлыгым.
Тамчы суудай бапестелип сакталган,
Жүрөгүмдөн түнөк алган ыйыгым.
Эне тилде ой-жүгүртөм,сүйлөймүн,
Канат созо, ай-ааламга күүлөймүн.
Аалам менен алакалар түзүлүп,
Эне тилди энекемдей сүйөмүн. Нуркыз

Суусаганда, тамчы сыңар тамчылайт,
Чаңкооңду да, суусун сымал кандырат.
Чарчаганда, эргүү берет эс менен,
Эыргалдантып, анан демин алдырат.
Эне тилди мен ардактап туутутуп,
Тилим менен келе жатам мен утуп,
Жоолашканга сүр беремин дайыма,
Эне тилди өз үйүмө кут тутуп. Байтик

Эне тилди энекемдей коргоймун
Энекемдей эртеңкини ойлоймун,
Ыйык туткан эне тилди ардактап,
Душмандардай алсыз өзум болбоймун.
Эне тилим-кубат берчү куралым,
Өзүң менен сыймыктанар убагым,
Керек болсо берер элем жанымды,
Жан ордуна келет тилди сурагым. Перузе

1. Байыркы көчмөн кыргыздардын арасына кеңири тараган салттык ырдоо-сармердени нечендеген кылымдарды басып, нечендеген доорлорду аралап,бабадан атага, балага, өбүрө-чөбүрөгө өтүп. оодон оозго көчүп, бүгүнкү күнгө чейин жашоосун улантып келет.

2. “Жакшы кеп жан сергитет, жакшы ыр көңүл эргитет” дегендей жакшы кепти, жакшы ырды, учкул сөздүн төркүнү болгон Сармарден оюн-зоогуна кепти узаталы.
   Музыка.

   Сармерден 4-а,б.

1. Кана эмесе кыргызда “Амандыгын сурасаң - элиң аман, саламатын сурасаң – демиң аман”- дейт. Адегенде амандашып алалы.
   (балдар учурашат)
2. Кыздар дагы жөн келбей, саламыбызды салып келгенбиз.
   (кыздар учурашат)
1. Мага жашоо, өмүр берген адамды,
   Кыргыз тилде атап келем “энелеп”.
   Тил бар үчун жашоо-жашоо аталып,
   Тил бар үчүн Ата Мекен керемет.
2. Мекен менен эл жүрөгү бир согуп,
   Тил тутантты алоолонгон өрт болуп.
   Тил аркылуу бир киндикке туташты,
   Азыркы муун, эртеңки муун, эски муун.
   1. Кана балдар өз тилибизди даңазалаган ыр саптарынан айта кетели.
      (Балдар айтышат)
   2. Ооба биз да калышпайлы. Кыздардын да даярдыгы бар.
      (кыздар айтышат)
1. Адам оюнун, акыл-эсинин энциклопедиясы болгон макал жарышын көрөлү да
2. “Ааламдын көркүн көз ачат-адамдын көркүн сөз ачат”-дейт. Макал жарыш оюнун да көрөлү.
   (Балдар- кыздар, кезектешип)
   1. Оюн-тамашабызды жандандырып, бир аз обондуу ыр угуп көрөлү.
   2. Кыргыз эли ата-бабадан бери колуна комуз алып ыр күүлөп келген калк эмеспи, анда эмесе замандын талабына жараша ырларга көңүл буралы.
      (балдар-кыздар ырдашат)
   1. Элибиздин көөнөрбөс кеп казынасынын бир бөлүгү болгон жаңылмачтарга кезек берип көрөлү.
   2. Жаңылмачты айтууда кылдаттык, чеберчилик керек. Аны айтуу өтө татаал нерсе, бирок ошондой болсо да биздин мыкты балдар биринен-бири ашып жаңылмач айтышат. Анда эмесе кулак түрөлү.

(кезектешип жаңылмач айтышат)

1. Биздин балдар ырдаганды да, жанылмач жана макалды да билишет. Мындай зээндүү балдар кантип бизге табышмак жашыра албасын.
2. Кана балдар баарыбыз бирге алардын табышмактарын таап көрөлүчү. Кимде ким таап алса кутучадагы байгени алат.

(кезеги менен жашырышат.)

1. 2. Кыймыл менен сүйлөгөн,
   Кыргыз бийин үйрөнөм.
   Кызыталы өмүрдү
   Кыз-жигиттер бий менен... кана эмесе шаңдуурак отуруп кол чабалы.

(Бийлеп жатканда башка окуучулар түшуп кетишет)

1. Уктаганда ыр жазданып уктаган,
   Уул-кыздарың улуу жолго шыктанган.
   Ыр жамгыры турган жерден нөшөрлөп.
   Төгүп келген кыргызыма суктанам.
2. Жер бетинде улуттар көп турдөгөн.
   Тили менен дили менен гүлдөгөн,
   Тилегиме, максатыма жеткирген,
   Тилим менен сыймыктанам күндө мен.

**Көркөм окуулар:**
**Орозбекова Назик, Орозбекова Айбакыт,**

**Кенжебек кызы Диана, Молдокулов Байэл.**

Жыйынтыктоо:

1. Сиздер үчүн, жалпы кыргыз үчүн, Ата-Мекени ыйык кыргыз үчүн. Манасы ыйык кыргыз үчүн, ак калпагы , ак элечеги ыйык кыргыз үчүн. боз үйү ыйык кыргыз үчүн, энеси ыйык кыргыз үчүн – эне тили ыйык.
2. Ааламда ыйыктарга бай кыргыз деген улут жашап турганда түндүгү көктү тиреп, бийик көтөрүлүп, керегеси кең болуп, асабасы күн желеси менен кошо желбиреп турсун.
1. Аруу тилектерге жеткирген улуу жолдорубуз байсалдуу болсун. Саламатта калыныздар.